*Калкка граждандык коргонуу жөнүндө*

# АР КИМ БИЛҮҮ КЕРЕК

Азыр граждандык коргонуу боюнча окуу жылы дээрлик аяктап калган учурда, анын кандай өткөндүгү жөнүндө жыйынтык чыгарууга болот. Окуу жылы өткөн жылга салыштырганда уюшкандыкта өткөрүлдү.

Окуунун негизги максаты — авариялык-калыбына келтирүүчү иштердеги сактап калуучу жекече составдын даярдыгын өркүндөтүүгө, ошондой эле массалык түрдө зыян келтирүүчү куралдардан коргонуу боюнча иш чараларды жүзөгө ашырууга багытталган. Бул белгиленген чаралар негизинен иш жүзүнө ашырылды. Албетте, ал билимди жогорулатууга, жаңылыктарды үйрөнүүгө, сабактарда практика алууга, эл чарбасындагы, колхоздордогу, совхоздордогу командалык-штабдык окууларды жакшы өздөштүрүүгө, граждандык коргонуунун планынын орундалышын текшерүүгө, граждандык коргонууга селолук эмгекчилерди активдүү тартууга мүмкүнчүлүктөрдү берди.

Стихиялык кырсыктарды жоюу үчүн аракет кылышкан аскердештирилбеген составдын командалык-начальниктик составынын иштеринин сапаты бир кыйла жакшыртылгандыгы байкалды. Ошондой эле массалык зыян келтирүүчү куралдардан сактануу үчүн калктын билим деңгээли бир кыйла жогорулады.

Өндүрүштө иштебеген кишилердин арасында практикалык окууну уюштурууда селолук жана посёлоктук Советтердин алдына олуттуу милдеттер коюлган. Алар граждандык коргонуу иштерин талапка ылайык жолго коюуда бир катар ийгиликтерге жетишишти.

Бизде объектилердин, ишканалардын, колхоздордун жана совхоздордун ар бир жетекчиси өздөрүнүн жумушчуларынын, кызматчыларынын, колхозчуларынын окуулары жөнүндө гана эмес, посёлокто, селолук Советтерде жашашкан бардык калктын окуулары жөнүндө отчёт беришет. Объектилердеги штабдар эреже катарында үй башкармаларына, кварталдык комитеттерге, мектептерге жардам беришет. Ал эми атайын окуу жайлары сабактын үзгүлтүксүз өтүшү үчүн материалдык базаны түзүүнү камсыз кылышат. Бул жөнүндө Кант цемент-шифер комбинатынын иши мактоого татыктуу. Граждандык коргонуунун начальниги И. С. Безсмертный, граждандык коргонуу штабынын начальниги И. А. Виноградов, партиялык комитеттин секретары П. Г. Межерицкий ишти жакшы уюштура алышкан. Цемент-шифер комбинатында окууга шаарчада жашашкан жогорку класстардын окуучулары, профессионалдык-техникалык окуу жайынын окуучулары, запастагы офицерлер тартылышкан. Алар газга каршы жана коргонуунун башка түрлөрүнө колдонуучу куралдарды жакшы билишет. Окуучу балдардын алдына өздөрүнүн ата-энелерин, чоң аталарын жана чоң энелерин граждандык коргонуу иштерин үйрөтүү милдети коюлган. Окуучу балдар бул милдетти жакшы колго алышкан.

Азыркы кездеги куралдардан калктын коргонуп калуусунда зор ролду биздин бардык кызмат көрсөтүүбүз, айрыкча коммуналдык ишканалар комбинатынын базасында түзүлгөн коммуналдык иш чаралар ойнойт. Бул кызмат авариялык-техникалык кокустуктарга алдын ала даярдыктарды көрүү менен гана чектелбестен, ар бир минутада боло турган коммуналдык тармактардагы аварияларды жоюу менен да чектелет. Демек, мындай болгондон кийин коммуналдык турак үйлөрдө жашашкандардын бардыгы граждандык коргонуу боюнча окууга толук тартылуулары керек. Кызмат көрсөтүүнүн начальниги Н. А. Тихий жана кызмат көрсөтүү штабынын начальниги И. С. Свиденко иштерин жакшы уюштуруу менен үй башкармаларына алдыга коюлган милдетти өз убагында орундатуу үчүн тийиштүү жардамдарды көрсөтүп турушат.

Граждандык коргонуу милдетин жүзөгө ашырууда социалисттик мелдешти кеңири жайылтуу негизги мааниге ээ.

Биздин ишибизде дагы эле болсо көп кемчиликтер бар. Көпчүлүк объектилердин, колхоздордун, совхоздордун, мектептердин жетекчилери граждандык коргонуунун маанисине тийиштүү көңүл бурушпайт. Граждандык коргонуу иши «1-Май», Фрунзе атындагы колхоздордо, Ново-Покровкадагы АРЗда начар жолго коюлган. Калыбы, бул чарбалардын жетекчилери менен олуттуу сүйлөшүүгө туура келип отурат.

Азырынча империализм жашап турган мезгилде биз ар дайым сак болууга милдеттүүбүз. Демек, Родинабыздын коргоо жөндөмдүүлүгүн чыңоо үчүн ар бир гражданин граждандык коргонуунун окуусун терең өздөштүрүүгө тийиш. Ошондуктан, бул ишке мындан ары айрыкча маани берүү керек.

**И. КУЛИКОВ,**
**Кант районундагы граждандык коргонуу штабынын начальниги.**



Маргарита Дризнер «Заветы Ленина» колхозунун сүт-товар фермасында 17 жылдан бери саанчы болуп иштейт. Алдыңкы саанчы тогуз айлык планын 110 процентке аткарды.

**СҮРӨТТӨ:** солдон оңго МТФнын мал багуучусу А. Ступкин жана саанчы М. Дризнер.